# “Кызыл Тоо” №9 орто мектебинин Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча 2022 - 2023 – окуу жылына карата түзгөн усулдук бирикменин иш планы.

Кыргыз Республикасы
Ош облусу
Өзгөн району
№9 Кызыл-Тоо орто мектеби

Кыргызская Республика
Ошская Область
Узгенский район
средняя школа №9 Кызыл-Тоо

715523, Өзгөн району, Кызыл-Тоо айылы, Т. Капаров көчөсү №46

№ 8-11 29-август 2022-жыл

Мектепте усулдук бирикме түзүү жана анын төрагасын дайындоо жөнүндө

Кызыл-Тоо №9 орто мектеби

**Буйрук кылат**

Кызыл-Тоо №9 орто мектебинде жети усулдук бирикме түзүлсүн жана аларга төмөндөгү мугалимдер төрага болуп дайындалсын.

1. Асанбаева Гуланда — Кыргыз тили жана адабияты
2. Болушева Альмира — Орус тили жана адабияты
3. Кыдыршаева Алима — Физика жана математика
4. Усенова Гулгакы — Химия, биология, тарых, география
5. Алпанова Замира — Башталгыч класс
6. Акматбекова Минавар — Эмгек, сурот, д.тарб, ч-тил

Негизи: Педагогикалык кеңешменин чечими

Мектеп директору: А.Бакирова.

Бекитемин

# Кызыл-Тоо №9 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча усулдук бирикменин 2022-2023-окуу жылына түзүлгөн иш планы.

| № | Айлары | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | | Август | |
| 1<br>2<br>3 | Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча мугалимдер арасында саат бөлүштүрүү.<br>Календардык планды түзүү жана бекитүү.<br>Жылдык иш паланды бекитүү. | | УББ,ОББ,предмет мугалимдери |
| | | Сентябрь | |
| 1<br>2<br>3<br>4 | Окуучуларды китеп менен камсыз.<br>Дубал газеталарды жаңылоо.<br>Кыргыз тили жана адабияты жумалыгын уюштуруу.<br>Тил майрамын өткөрүү. | | Класс жетекчи<br>Предмет мугалимдер<br>ОББ |
| | | Октябрь | |
| 1<br>2<br>3 | 6-7-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын өтүлүшү.<br>Кружокторду уюштуруу.<br>Окуучуларды олимпиадага даярдоо, олимпиадалык топтордун ишин жандандыруу. | | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери.<br>ОББ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Ноябрь | |
| 1 | 10-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу.<br>Көрсөтмө куралдарды даярдоо. | | Предмет мугалим.<br><br>ОББ |
| | | Декабрь | |
| 1<br>2<br>3 | КВН Айтматовду эскерүү.<br>Жазуу жумуштары<br>Жат жазуу, дил баян.<br>Окуу китептеринин сакталышы. | | Предметтик мугалимдер.<br>ОББ<br>Предмет мугалим |
| | | Январь | |
| 1<br><br><br>2<br><br>3 | 2-жарым жылдык үчүн усулдук бирикменин иш планы.<br>1-жарым жылдыктагы жетишүүнүн жыйынтыгы<br><br>11-класстын кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу<br>ЖТР ге окуучуларды даярдоо | | УББ<br>ОББ<br>Предметтик мугалим |
| | | Февраль | |
| 1 | 7-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу.<br>Өз ара сабакка катышуу.<br>Көрсөтмө куралдар. | | ОББ<br>Предмет мугалим<br>Класс жетекчи |
| | | Март | |
| 1 | 5-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу.<br>Класстар арасында конкурстарды уюштуруу.<br>Жаш мугалмдерге усулдук жардам көрсөтүү. | | ОББ<br>УББ<br>Мугалимдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Апрель | |
| 1 | Жазуу жумуштарын көзөмөлдөө.<br>8-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу.<br>Экзамендик материалды иштөө. | | Предметтик мугалимдер.<br>ОББ |
| | | Май | |
| 1<br><br>2 | Өз билимин өркүндөтүү, жогорулатуу.<br>Окуучулардын жыл ичиндеги алган билимин текшерүү. | | Предметтик мугалимдер.<br>ОББ<br>Предмет мугалимдер. |

Текшерилди
16.08-22ж.
ОББ

# Мугалимдер жөнүндө маалымат

| № | Ф И О | Туулган жылы | Стажы | Кайсы окуу жайды бутургон | Компьютердик сабаттуулугу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаманкулова Жаныл | 1966-ж | 33 | КГУ | + |
| 2 | Нурдинова Мирзаим | 1978-ж | 20 | ОшМУ | + |
| 3 | Асанбаева Гуланда | 1979-ж | 19 | ОшМУ | + |
| 4 | Канжанова Асел | 1983-ж | 14 | ОГПИ | + |
| 5 | Молдокулова Айпери | 1988-ж | 7 | КГНУ | + |
| 6 | Матыбаева Айпери | 1985-ж | 7 | ОГПИ | + |
| 7 | | | | | |

# Мугалимдердин окуткан сааттары

| № | ФИО | Курстан откон жылы | Окуткан класстары | Окуткан сааттары |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаманкулова Ж | 2022-ж | 10-б.9-а.б 7-а | *21* |
| 2 | Нурдинова. М | 2016-ж | 11-а.10-а | *11* |
| 3 | Асанбаева. Г. | 2016-ж | 5-б.в 7-в | *18* |
| 4 | Канжанова.А. | | 8-а.б | *10* |
| 5 | Молдокулова.А. | | 7-б. 6-б.в | *18* |
| 6 | Матыбаева.А. | | 5-а 8-в. 6-а | *17* |
| 7 | | | | |

# Усулдук бирикменин **август** айына тузулгон иш пландын аткарылышы

| № | Аткарылуучу иштер | Ким аткарат |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабият сабактары боюнча мугалимдер менен сааттарды болуштуруу. | Пред.муг.ОББ.УББ. |
| 2 | Предметтик мугалимдер календардык пландарды тузушуп,бекитишти. | Предметтик мугалим. ОББ |
| 3 | Кааналар бекитилип берилип класс жетекчилер класстык бурчтарды бутурушту. | Пред.мугалимдер. Кл. жет. |
| 4 | Каана башчы класстагы коопсуздук техникалык эрежелерин жана жолдо журуунун эрежелерин илишет. | Кл. жет. Каана башчы. |
| 5 | Пред.мугалимдер класстагы класстын паспортун бутурушту | Пред.муг. ОББ. |
| 6 | Класс жетекчилер окуучуларынын санын тактап китеп менен камсыз кылышты. | Кл.жет. |
| 7 | Жанылануунун,ынтымактын,тынчтыктын жана жакшылыктардын жылы боюнча иш чараларды пландаштыруу. | Пред.муг. |
| 8 | УБ нын чогулушу откорулду | ОББ. Пред. муг УББ |

2022-2023-окуу жылынын август кыргыз тили жана адабият предметинин усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы: 8

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Кыргыз тили ж-а адабияты сабагы б-ча сааттарды бөлүштүрүү
2. Календарлык план.
3. Жылдык иш планды бекитүү.

Угулду: ОББнын башчысы Асанбаева Гүлнара чыгып сүйлөп. Кыргыз тилинде жалпы канча саат бар канча мугалим бар экенин айтты. Календарлык планды бекитүү боюнча сөз сүйлөдү.
Ар бир мугалимге 18 сааттан бөлүнөрүн тактады.

Токтом кылат:

1. Ар бир мугалимге 18 сааттан сабак бөлүштүрүлсүн
2. Календарлык план убагында бекитилсин.

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г.

Катчысы: Жанжанова А.

# Усулдук бирикменин сентябрь айына түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты айлыгын уюштуруу | 19.09 | ОББ<br>УББ |
| 2 | Класстар арасында ачык сааттарды өтүү. | 15-30.09 | ОББ<br>УББ<br>Предмет мугалимдери |
| 3 | Дубал гезиттерди жаңылоо. Тилдин 33 жылдыгын белгилөө. | 20-23.09 | Предмет мугалимдери |
| 4 | “Акыл ордо” интеллектуалдык оюну. | 19.09 | Предмет мугалимдери |
| 5 | Дептерлердин текшерилиши. | Сентябрь | УББ<br>ОББ |
| 6 | Класстардагы кырыгз тили жана адабияты сабагынын окутуу деңгээлин текшерүү. | 30.09 | ОББ<br>УББ<br>Предмет мугалимдери |

2022-2023- окуу жылынын 3- октябрында № 9 « Кызыл-Тоо » № 9 орто мектебинин кыргыз тили жана адабиятынын усулдук бирикмесинин сентябрь айындагы ички көзөмөлдүн жыйынтыгы боюнча директор алдындагы кеңешмеде каралган иштери боюнча чогулуштун токтому.

Катышканы: 8

**Кун тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Ички көзөмөлдүн сентябрь айындагы кыргыз тили жана адабияты сабагынын жыйынтыктары.( 5- 11- класстар арасындагы жат жазуу, тесттик текшерүүлөр )
2. Ачык сааттарга анализ берүү.
3. Кыргыз тилине 33 жыл болгонуна байланыштуу « Кыргыз тили эчен кылым карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» деген темада класстан тышкаркы иш.

**Угулду :**

Чогулушту кыргыз тили жана адабияты сабагынын усулдук бирикмесинин башчысы Асанбаева Гуланда ачты. Кийинки сөздү мектептин ОББ сы

Г. Ашырбаевага берди.

Окуу бөлүмүнүн башчысы кыргыз тили жана адабияты сабагынан алынган жат жазуу жана тесттик көнүгүүлөрдүн, дептерлердин абалы жөнүндө айтып өттү.

Айрым кемчиликтерди предметтик мугалимдерге эскертти. Айланма дептерлердин абалын айтып баса белгиледи.

Сабакта окуучулар толугу менен катышуусун класс жетекчилерге эскертти.

Мында төмөндөгүдөй көрсөткүчкө ээ болду.

5 – класс ___47%___ Асанбаева Гуланда

6 – класс ___53%___ Матыбаева Айпери.

7 – класс ___49%___ Молдокулова Айпери

8 – класс ___50%___ Канжанова Асел

9 - класс ___53%___ Жаманкулова Жаныл

10 – класс ___51%___ Нурдинова Мирзаим

11 - класс ___48%___ Нурдинова Мирзаим

Ачык сабактардын отулушу боюнча анализ берип өттү. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Матыбаева Айпери « Эне тилим -эне сүтүм» деген темада класстан тышкаркы сабагы канаатандырарлык эмес, кайрадан дагы бир класстан тышкаркы иш өтүп берүүсү сунушталды . Ошол эле сабактан Жаманкулова Жаңыл эжеке 7 – класска ачык саат өттү. Сабагы жакшы , жаңы усулдарды колдонуп, бирок убакыт туура пайдаланылбай, окуучулар толук суроого жооп бербей калышты. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Нурдинова Мирзаим 11- класстарга кыргыз тилинен «Фразеологизмдерге мүнөздүү белгилер » темада ачык саат өттү. Сабак жаңы усул менен көрсөтмөлүү , жандуу окуучулар сабакка активдуу катышты. Андан кийин Молдокулова Айпери 6- класска «Диалектизмдер » деген темада ачык саатында көрсөтмөлүү, техникалык каражаттарды колдонуп сабак өттү. Бирок Айпериге айрым бир кетирген кемчиликтерине усулдук жардам керектиги айтылды . Ошондой эле Асанбаева Гуланда эжеке дагы ачык саат өттү. Асанбаева Гуланда эжекенин сабагы да жандуу сабак болду. Бирок кичине класстар суроолорду кеч кабыл алуусу эжекени сүрдөттү.

Кийинки маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты мугалими Жаманкулова Жаңыл эжеке чыгып сүйлөдү. Ал өз сөзүндө Молдокулова Айпериге жана Матыбаева Айпериге усулдук жардам берип, өз кемчиликтерин тез арада оңдолсун деп сунуштады.

Чогулуштун аягында мектеп директору А. Бакирова төмөндөгүдөй оюн айтты. Жогоруда айтылган кемчилдиктер оңдолсун жана сунуштар кабыл алынсын. Кийинки сабактардын өтүлүшүндө мындай кемчиликтер кайра кайталанбоосун жана олимпиадалык топтордун иштерин жандандырууну кату у эскертти. Ошондой эле алдыда боло турган олимпиадага эң жакшы даярдык менен алып баруусун усулдук бирикменин башчысына тапшырды.

Чогулуш аягында төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча дептерлердин абалы колго алынсын. Ар бир предмет мугалимдерине тапшырылсын.

2. Матыбаева Айпери курска жөнөтүлсүн. Курска жөнөтүү жагын ОББ сы Г. Ашырбаевага милдеттендирилсин.

3. Класстан тышкаркы иш кайра оңдолуп башынан коюлсун. Аны аткаруу жагы Матыбаева Айпериге жүктөлсүн.

4. Жогорудагылардын аткарылышын көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин башчысы Г .Асанбаевага жана мектептин ОББсы Г. Ашырбаевага милдеттендирилсин.

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча дептерлердин абалы колго алынсын. Ар бир предмет мугалимдерине тапшырылсын.

2. Матыбаева Айпери курска жөнөтүлсүн. Курска жөнөтүү жагын ОББ сы Г. Ашырбаевага милдеттендирилсин.

3. Класстан тышкаркы иш кайра оңдолуп башынан коюлсун. Аны аткаруу жагы Матыбаева Айпериге жүктөлсүн.

4. Жогорудагылардын аткарылышын көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин башчысы Г .Асанбаевага жана мектептин ОББсы Г. Ашырбаевага милдеттендирилсин.

# Класстан тышкаркы иштин иштелмеси

# КВН

# $8^{в}$-класс

Предмет муг: Канжанова А.

## КӨРКӨМ ОКУУ.

### ЭНЕ-ТИЛ.

Баратабыз аманат артып алыс,
Тилиң барда кыргызым бар турабыз.
Ушул нуктан өзгөрбөй кете берсек,
Урпактарга кай тилди калтырабыз.

Башкаларга тилиңди тебелетпе,
Башкалардын тамгасын себелетпе.
Тилиң менен улутсуң эстүү элим,
Жүрөгүңдү жат тилге эгелетпе.

Өлкөсү жок улутка көзүм түшөт,
Өздүк тили баратат күндө күчөп.
Алар биздей бей капар эмес тура,
Балдарына өз тилин үйрөтүшөт.

Үндөйм десең, кыргызча үндөгүлө,
Сүйлөсөңөр кыргызча сүйлөгүлө.
Мазак кылып орусча сүйлөгөндү,
Кыргыз тилин билгендей көлбөгүлө.

Билсең эгер, жүрөгүң күнгө күбө,
Эне-тилин унуткан күндө күнөө.
Тилин чанган мекенин кошо чанат,
Андай болсо мекенде жүрбөгүлө.

Жанып учкан көктөгү бүркүттөйбүз,
Кенен жайда талашып түртүшпөйбүз.
Эне-тилин унуткан майкурттарды,
Тилсиз жана кыймылсыз түркүк дейбиз.

САЛАМДАШУУ.

Саламдашуу салт экен,
Сабырдуу кыргыз элимде.
Салтты биз да колдойлу,
Салам айтып сиздерге.

Калыстык менен баалаган ,
Калыстар тобу аманбы.
Мелдешке келип олтурган,
Классташтарга айтам саламды.
Көрүүгө келген ашыгып,
Күйөрмандар аманбы.

Салтты улап оболу ,
Саламдашып алалы.
Бул жарышка келген соң,
Кызыктуу оюн куралы.

Манастан алган сабакты,
Үйрөнүп бир топ санатты.
Тизе бүгүп, ийилип,
Жалпыга айтам саламды.

Бүркөк күн да ачылгандай ажайып,
Амандашсаң көңүлү жылыйт адамдын.
Биз да колдоп, жакшы маанай абалын,
Салам жолдойм мен  сиздерге ар дайым.

СЕЙТЕК ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ. ( сахналаштырылган көрүнүш).

Айчүрөк - Каныман калган чунакты,

Канкордон калган чунакты,

Найзага таккан желекти,

Аташкан берген белекти,

Тулпардан калган туякты,

Туйгундан калган чунакты,

Кудай аман-эсен көргөзө көр.

Душман билип калса Арстандан калган белекти, көргөзбөй көзүн тазалайт ко.

Оо кагылайын Умай- эне , Батма-Зуура баламы аман эсен кыла көр.

Умай эне – Ой! Койчу жаман жорукту баштабай. Келгиле Батма- Зуура Ырымдап койолу.

Кыяз - Перизаада бейбактын толгоосу келип калыптыр.

Калкты эскирткен карылар, узун кулак, куйма сөздүү, көптү көргөн баарыңар.

Тогуз айды туура эсепке алчуулар, бириң калбай келгиле.

Бул төрөлгөн баланын атасы ким болот тактап бергиле.?

Эр Куту – Улуу урматтуу ханыбыз Кыяз, айды эсептеп келгенде ,

Айчүрөктү алганыңызга он айдын жүзү толуптур,

Катындын туучу баласы, өзүңүн балаң болуптур.

Ар нерсени ойлоп, бөлүнбөсүн санааңыз,

Төрөлө турган бул бала өзүңүздүн эле балаңыз.

Эгер эркек болсо, эбин таап,атын койолу,

Кыяз уулдуу болду деп , көңүлдөгү капанын бирин койбой жойолу.

Аты даңктуу Манастын,
Арбагы бизди колдосун.
Ааламда тынчтык орносун,
Ооруган инсан болбосун,
Орундалып ой-тилек,
Ишиңи кудай колдосун.

Оболосун ыр менен көңүлүбүз,
Узун болсун ар дайым өмүрүңүз,
Жан дүйнөбүз билимге сугарылып,
Аруу болсун ар качан тилегибиз.

Куттук айтам , майрамдын деми менен.
Шаңга толгон эне тил күнүң менен!
Эне-тилим өркүндөп, өсө берсин,
Кылымдарды карытып, жашай берсин!

Эне кийген ак жоолук., элечек бар,
Өткөн күндү, жылдарды ченесек жар.
Ушул күндөн бекемдеп тилибизди.
Өткөрөлү алдыда келечек бар.

Тилди сактап бекемдеп бүтүндүгүн,
Эне-тилиң өмүрүң үчүндүгүн.
Какшай берет дегендер , дегендер ай.,
Айткан сөзгө кулак сал, түшүн бүгүн.

Жаңы заман кучагы алып учкан,
Жолуң таппай адаштың, жаңылыштан.
Менден да, сенден да, алардан да,
Кымбат турат эне-тил баарыбыздан.

Улуу болгон көчмөндөр көчүндөбүз,
Келээр, келээр баары бир кечинде күз.
Эне-тилин эсинен чыгарганды,
Эч убакта кыргыз эл кечирбейбиз.

Келип бүгүн өзүңдүн токтомуңа,
Көөдөндөгү ыйыкты жоктогула.
Кыргыз болбой өмүрдөн өткүчөктү,
Ушул күндөн кыргызгы окшогула.

1-кемпир- Ботом, кан Кыяз сиз камсанабаңыз, бул ишиңизге жан дилибиз менен киришебиз.

2-кемпир- Мындай зарыл иштердин далайына жарап, көөп адамдардын сообуна калганбыз. Эркек болсо баласы, эптеп уурдап алып, дароо чын жайына жөнөтөбүз.

3-кемпир- Жүргүлө кеттик шашылалы.

Карачач- Айланайын эжеке, көрүп койсом көөнүм ток,

Өзүңдөн башка караан жок.

Жети өзөн сизге жер болбойт,

Кан Кыяз сизге эр болбойт.

Эркек төрөсөңүз, көзүңүздү оюуга,

Балаңызды союуга

Кемпирлер менен кеп кылып,

Кан кыяз менен убадасын бек кылып коюшту.

Айлакер элеңиз, жети жез кемпирдин

Эбин таппасаңыз иш кыйын.

Айчүрөк- Келиңиздер энелер! Карачач, сары саамал кымыздан келген энелерге куй. Суусап келишкендир, суусундары канып, умачтай көзү ачылсын.

Кымыздан кана жутуп алып, андан соң чачырап турган көзүмдү ачкыла энелер.

Бул балаңыздын телегейи тең болоор,

Теминген душман кем болоор.

Карашы толкун сел болоор,

Кармашкан адам кем болоор.

Аман болсо балаңыз, чабышканын чарчатаар.

Ойноок кезде баланын мойнуна кылыч тагалы.

Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай,

Кирдүү кийим кийгизбей,

Берендүү Кыяз уулу деп ,

Бапестеп жүрүп багалы.

Андай –мындай дегендин,

Ушактап айың кылгандын ,

Кылычтап башын алалы.

Желдет- Куту баатыр , сиздики туура акыл.Айтканыңызды эки кылгандын жети атасы болсун каапыр.

Калган желдеттер- Туура, туура, ошондой болсун. АНТ БЕРЕБИЗ!

Кыяз- Айланайын энелер Айчүрөк кыз төрөп калса, аппак ороп алып, тилегиңизди берди деп сүйүнчүлөп келгиле.

Эгерде, эркек төрөсө, ал мага душман эмеспи, мага жакшылык кылбас. Андан көрө киндигин кесимиш болуп, көзүн тазалай көргүлө.

Бул устара- ажыдаардын уусуна сугарылган. Элдешпес душманымдын тукумун курут кылууга жасаттым.

Эгерде, менин тапшырмамды аткарсаңар, сураганыңарды беремин,

Дүйнөңөрдү шай кыламын,

Көңүлүңөрдү жай кыламын.

Кааласаңар дөйнөмүн бөтөн алгыла,

Кыскасы мени баладан куткаргыла.

ТОПТУН ЭН БЕЛГИСИ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ.

Айгүл:

Бийиктерге учат дилгир кош канат,
Биздин топ "ДИЛГИРЛЕР" деп аталат.
Тамга тааны, окуп үйрөн илимди.
Мунун баары эне-тилден башталат.

Бул биздин топтун эмблемасы болуп саналат,
Эмблеманын кыргызчасы-"эн белги" деп аталат.
Демек, бул биздин топтун эн белгиси,
Китеп бул-билим кенчи.
Китеп- билимдүү, окумуштуу, илимпозду тарбиялайт.
Китеп-адамды канаттуу кылат.

Топтун эн белгиси ушундай чечмеленет.

# Усулдук бирикменин октябрь айына түзүлгөн иш планы

| № | Аткаруучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 6-9-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу | 05.10 | УББ Предмет мугалимдери |
| 2 | Ийримдердин уюштурулушу | 12.10 | УББ |
| 3 | Китептердин сакталышы | 19.10 | Предметтик мугалимдер |
| 4 | Окуучуларды олимпиадага даярдоо | 03.10 | Предметтик мугалимдер |
| 5 | Жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү | октябрь | Предметтик мугалимдер ОББ |

Текшерилди
05 10 22ж
ОББ

2022-2023-окуу жылынын октябрь Кыргыз тил. ад. предметинин усулдук биpикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы:

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 6-7-класстардагы кыргыз тили жана адабияты сабагынын өтүлүшү.
2. Окуучуларды олимпиадага даярдоо. Олимпиадалык топтун ишин жандандыруу.
3. Кружокторду уюштуруу

Угулду: ОББнын жетекчиси Асанбаева Гулмира чыгып сүйлөп 6-7-класстарда ачык саат жөн. өз оюн айтты. Бирок олимпиада кандай тартипте өтөт. Олимпиада.к топтун ишин жандандыруу жөнүндө өз оюн айтып өттү.

Токтом кылат:

1. 6-7-класстарда окуучулар билим сапатын көтөрүлсүн
2. Олимпиадалык топтун ишин жандандырылсын
3. Кружоктор активдүү иштетилсин.

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г.

Катчысы: Жоокопова Н

# Усулдук бирикменин ноябрь айына түзүлгөн иш планы

| № | Аткаруучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 10-класстарда адабият сабагынын окутулушу | 11.11 | ОББ |
| 2 | Көрсөтмө куралдарды даярдоо | 14.11 | Предмет мугалимдер |
| 3 | Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу | 21.11-28.11 | Предметтик мугалимдер |
| 4 | Предметтик, класстык журналдардын уюштурулушу | 29.11 | ОББ Предметтик мугалимдер |
| 5 | Жаш мугалимдерге жардам | Октябрь ичи | Предметтик мугалимдер |

Текшерилди
11. 11. 22г.
ОББ

2022-2023-окуу жылынын ноябрь айынан кыргыз тили жана адабияты предметинин усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы: 8.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 10-класстарда кыргыз тилинен окутулушу.
2. Көрсөтмө куралдарды даярдоо.

Угулду: 10-класстардагы кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу жөнүндө. Окуучулар сабакты жакшы өздөштүрүшөт. Дептерлердин абалы канааттандырарлык. Ар бир предметтик мугалим көрсөтмө куралдарды даярдашы айтылып өттү.

Токтом кылат:

1. 10-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын өтүлүшү канааттандырарлык.
2. Олимпия-к тактуп ишин текшерилсин
3. Куржоктор өз убагында өтүлсүн

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г

Катчысы: Жолдонова А

# Усулдук бирикменин декабрь айына түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Ч. Айтматовду эскерүү, КВН | 9-12.12 | УББ<br>Предметтик мугалимдер |
| 2 | Дилбаян, жат жазуу, жазуу жумуштары. | 13-21.12 | Предметтик мугалимдер |
| 3 | Сүрөт көргөзмөсү.<br>Окуу китебинин сакталышы | 12-19.12 | Предметтик мугалимдер |
| 4 | Предметтик , класстык журналдардын толтурулушу. | Декабрь ичи | Предметтик мугалимдер<br>ОББ |
| 5 | Айланма дептерлердин абалы | 23-27.12 | ОББ<br>УББ |
| 6 | Жыл жыйынтыгын чыгаруу | 26-29.12 | ОББ<br>УББ |

Текшерилди
09 12 23ж
ОББ

2022-2023-окуу жылынын декабрь кыргыз тили v адабият предметинин усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы: 5.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чаралардын жыйынтыгы.
2. Дилбаян, жазуу иштерин жыйынтыгын чогултуу
3. Диланма дептердин абалын көрүү.
4. Жол жыйынтыгы

Угулду: 1-маселе боюнча У.Б-нын баяндамасы
Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата класстан тышкаркы иштерди, сүрөт көргөзмөсүнүн өтүлүшү боюнча сүйлөдү.
2-маселе. Окуучулар тарабынан жазылган дилбаян жазуу иштеринин абалына токтолду.
3-маселе. Диланма дептерлердин ишин жандандыруу керектиги сунуштолду.
4-маселе Жол жыйынтыгында тилчилер өздөрүнүн иштери менен тааныштырды.

Токтом кылат:


Ч. Айтматовдун туулган күнү деңгээлде өткөрүлдү. Кемчиликтерин жоюу жагы предметтик мугалимге милдеттендирилсин. Жакшы жазылган дилбаян, сүрөттөргө диплом берилсин. Диланма дептерди жакшыртуу пред-к муг. мил-н.

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г

Катчысы: Конкопова А




курманашева
мадина
5 кл



# Усулдук бирикменин январь айына түзүлгөн иш планы

| № | Аткаруучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Экинчи жарым жылдык үчүн календарлык пландарды түзүү жана бекитүү. | 11-16.01 | **УББ** Предметтик мугалим |
| 2 | 1- Жарым жылдыктагы жетишүүнүн жыйынтыгы | 16.01 | **УББ** Предметтик мугалим |
| 3 | 11-класстын кыргыз тили жана адабияты сабагыны окутулушу | 16.01 | **ОББ** **УББ** |
| 4 | ЖРТга окуучуларды даярдоо | Январь ичи | Предметтик мугалим |
| | | | |

Текшерилди
16.01.23ж
ОББ

2022-2023-окуу жылынын январь айына кыргыз тили и адаб. предметинин усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы: 6.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

2-жарым жылдык үчүн У.Б-нин иш пландарын талкуулоо жана бекитүү.
1-жарым жылдыкта жетишүүнүн жыйынтыгы.
11-класстарда ачык сааттарды өтүү. ЖРТга окуучуларды даярдоо.

Угулду: 1-маселе боюнча 2-жарым жылдык үчүн пландарды толуктап, ага сунуштар айтышты. У.Б-нын жетекчиси Асанбаева жарым жылдыктагы жетишкендиктер кемчиликтер жөнүндө айтып өттү.
2-маселе боюнча Нурдинова чыгып 11-класстарга ЖРТга окуучуларды даярдоого курс ачыларын айтты.

Токтом кылат:

Жыйынтыгында айтылган маселелерди иш жүзүнө ашыруу, көзөмөлдөө усул. бирикменин жетекчиси Асанбаевага милдет.-н
11-класстарды ЖРТга даярдоо Нурдиновага милдеттендирилсин.

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г.

Катчысы: Кожонова А

# Фразеологизмдер

11- класс

Муг:  М. Нурдинова

2022 – 2023 — окуу жылы

КОДАК-фирмасында иштеп,
чоң ийгиликке жетишкен бир
сүрөтчү жаш кезинде Африкадан
тарткан жапайы жаныбарлар-ды
сүрөттөрүн досторуна көрсөтүп
калат. Ал убакытта сүрөттөр,
жакындатып тарткан аппараттар
жок болгондуктан, жөнөкөй аппарат
менен тартылган.
Жапайы жаныбарлардын ушунча
жакын жерден тартылганына таң
калган досторү, „Эй досум, бир
сенирсе нечү жерден тартчысың
кантип, коркпой бардың," - деп сураганда
анда ал: „Жаныма бир жакшы
аңчыны алдым, аппаратты жайгаш-
тырган жердин айланасында диаметри
10 метрлик айлана чийдим да,
ал чийимден өтсө жаныбарды
атуусу керектигин айттым.
Ошентип эч коркпостон өз ишимди
аткара бердим," - дейт.
А эгер ал аңчы айта албай калса
эмне болот эле, аны ойлобой
коюшубу" деген досторунун суроосуна
„Эгерде турмушта бир ийгиликке
жетүүнү каалсаңар сезүү жана-

Антоним фразеологизмдерди туш-тушуна коюп жазгыла. Өзүңөр да бул катарларды уланткыла.

Баа жеткис
Жүрөгүндө оту бар
Итке минип калуу
Ичи кең
Кабагы ачык
Кайнаса каны кошулбоо
Кара жолтой
Оозунан жел чыкпоо
Оозуңа таш!
Оозун куу чөп менен аарчуу

Ичи тар
Кабагы бүркөө
Ак жолтой
Оозу бош
Беш тыйынга турбаган
Оозуңа май!
Камыр-жумур болуу
Жүрөгүндө оту жок
Жыланач баатыр
Төрт түлүгү шай

Синоним фразеологизмдерди туш-тушуна коюп жазгыла. Өзүңөр да бул катарларды уланткыла.

Кой үстүнө торгой жумурткалоо
Көз ачып-жумганча
Кубанычы койнуна батпоо
Эшек такалоо
Таң кулан өөк болгондо
Союп каптагандай
Таңдайы кургоо
Аягын асманга чыгаруу
Кылдан кыйкым табуу
Бой көтөрүү
Куркулдайдын уясын табуу

Ит кууп жүрүү
Эгиз козудай
Капы катуу
Жумурткадан кыр табуу
Май чүнкүрдү табуу
Көз ирмегенче
Мурдун көтөрүү
Төбөсү көккө жетүү
Күлүн асманга сапыруу
Супа садык чалганда
Ак төөнүн

Төмөнкү «Манас» эпосундагы үзүндүлөрдө...
фразеологизмдерди таап, маанисин түшүнд...
бергиле

Карк эткенден карга жок,
Караан бараан калган жок.
Курк этерге кузгун жок,
Же жол караган тоскун жок.
Айтып оозун жыйганча,
Аны - муну кылганча,
Ачып көздү жумганча,
Ат даярдап алыптыр.
Сандаган журтум бүт болсун,
Сарала ат мага кут болсун!
Атпай кыргыз журт болсун,
Аккула ат сизге кут болсун!
Эр Манас кайта сайганда
Эти ачылып калыптыр.
Чарайнадан өтө албай
Найза токтоп калыптыр.
Өпкө-боорун куушуруп
Жаман кылып салыптыр.
Этинен тери сызылып,
Эки таноо кысылып,
Айтып оозун жыйганча,
Өңү жаман бузулуп,
Аны - муну кылганча,
Сокмогу менен найзанын
Согуп Сайкал калыптыр.

Төмөнкү «Манас» эпосундагы үзүндүлөрдөн
фразеологизмдерди таап, маанисин түшүндүрүү
бергиле

Ал үчөөнүн артынан
Атка минсе ак жолтой
Атышкан жоого сан колдой,
Жортуп чыкса ак жолтой,
Жоого тийсе сан колдой,
Арстан Манас баатырдын
Абакеси Бакай кан
Айбаты катуу бу бир жан.
Төрөсү баштап төрт баатыр,
Дөөгүрсүгөн капырдын
Төгүп канын баатыр.
Арзан жумуш эмес го
Акбалтанын бул иши?
Ашыгып мынча не келди?
Калыбет эле бул киши.
Кабарын сурап билелик.
Кандай да болсо бул ишти.
Акбалтага жайылып,
Ак издөөдөн тыйылып.
Келип кебин угуптур,
Жоого тийсе сан колдой.
Айтканын угуп Манастын
От көзүнөн чыгыптыр

Сабактын темасы:  Фразеологиздер жөнүндө жалпы түшүнүк.

Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү сабагы.

Сабактын максаты: Окуучулар фразеологизмдердин мүнөздүү белгилери, алардын өз ара бөлүнүшү, сүйлөмдө аткарган синтаксистик милдети тууралуу кеңири түшүнүк алышат.

Фразеологиздер менен макал – лакаптардын окшоштуктары, айырмачылыктарын табышат.

Фразеолгизм сөздөрдүн маанилерин чечмелешет, аларды өз кептеринде, жазуу иштеринде колдоно билишет.

Фразеологизм сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүшөт.

Эне тил аркылуу улуттук жана дүйнөлүк акыл – ой мурастарын өнүктүрүшөт.

Кыргыз тилинин сөздүк казынасы менен окуучулартил байлыгын арттырышат, тилдик каражаттардыколдонуп сүйлөп, сүйлөө маданиятын өнүктүрүшөт.

Көрсөткүчтөр:

Фразеолгизмге мүнөздүү белгилерин үйрөнүшсө;

Өз ара бөлүнүшүн өздөштүрүшсө;

Фразеологизмдер менен макал – лакаптардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын айырмалай билүүгө көнүгшсө;

Фразеологизм сөздөрдү катыштырып оозеки жана жазуу түрүндө сүйлөм түзө алышса.

Жолдоштору менен бирдикте иштей алышса, ар бир айтылган ой баалуу экендигин сезе билишсе,  бири – бирин сыйлап уга алышса.

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу: Саламдашуу, окуучулардын сабакка болгон даярдыгын кароо.

“Кодак” фирмасында иштеген сүрөтчү.

1. Фразеологиялык айкалыштарды тилдин кайсы бөлүмү изилдейт?

А. Семасиология
Б. Синтаксис
В. Фразеология
Г. Фонетика
Д. Этимология

2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы фразеологизм боло албайт? Эмне үчүн?

А. Ак сүтүн актоо
Б. Ак сүтүн кечүү
В. Эне сүтүнө коюу
Г. Эне тилим - эне сүтүм
Д. Эне сүтүн кечүү

3. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы фразеологизмдерге кирет? Эмне үчүн?

А. Ак сары башыл
Б. Ак кар
В. Сары булак
Г. Сары санаага батпачы!
Д. Бир карын майды бир кумалак чиритет

4. Фразеологизмдердин өзүнө тиешелүү белгилери бар. Кайсынысы туура эмес?

А. Составынын туруктуулугу
Б. Синтаксистик жактан өз алдынча талданышы.
В. Сөзмө - сөз которулбастыгы
Г. Образдуулугу
Д. Тилде даяр материал катары колдонулушу

5. Антоним фразеологизмдерди катары менен жайгаштыргыла. Кайсынысы ашыкча?

А. Алтын шилекейин чачыратуу
Б. Кой оозунан чөп албаган
В. Ак көрпө жайыл
Г. Оозунан ак ит кирип, кара ит чыгуу
Д. Биттин ичегисине кан куйган

6. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы «ичи күйүү» деген фразеологизмдин мааниси менен туура келбейт?

А. Өкүнүү, кейүү, кайгыруу
Б. Ардануу, ызалануу
В. Көрө албоо
Г. Ичи тардык кылуу
Д. Өрттөнүү, бузулуу

7. «Ач кенедей асылуу – ач кенедей жабышуу – акидей асылуу – ач кенедей жармашуу – ач күзөндөй асылуу – чап кенедей жармашуу» деген фразеологизмдерде кандай көрүнүш байкалат?

А. Синоним фразеологизмдер
Б. Омоним фразеологизмдер
В. Фразеологизмдеги варианттуулук
Г. Фразеологизмдеги көп маанилүүлүк
Д. Антоним фразеологизмдер

Алтын эреже:

- Бирөө баары үчүн, баары бирөө үчүн;
- Суу атасы булак, сөз атасы кулак.
- Жети өлчөп, бир кес;
- Кыймылдаган кыр ашат.
- Көп түкүрсө көл болот.
- Жакшы окуп жакшы жүрүшүм, элиме кошкон үлүшүм.
- Мамлекеттик тилдин кабыл алынышына быйыл канча жыл болду?
- Биздин тилибиз “ Мамлекеттик тил” статусун алгандан кийин иш кагаздарыбыз кайы тилде жазыла баштады?
- Тил жөнүндө макал билебизби?

2 Анда балдар сабагыбызды КР мамлекеттик гимнин ырдоо менен баштап алсак.

3 Үйгө берилген тапшырманы суроо. фразеологизм сөздөрдү табуу.

4 Жаңы тема: Фразеолгизм жөнүндө түшүнүк.

Кеп – сүйлөм – сөз айкашы – сөз .

Кол, таш, жылдыз сөз. Затты туюнтту. Ал эми узун кол, катуу таш, жарык жылдыз десек заттын сын –сыпатын билдирди. Колу чүрүш, таш боор, жылдызы жарык деген сөздөр кездешет.

Кепте даяр материал катары колдонулуп,эки же андан ашык компоненттерден турган маани жактан ширелишип, образдуу сапатка ээ туруктуу сөз тизмектери фразеолгизмдер деп аталат.

Мүнөздүү белгилер:

1. Даяр материал катары колдонулушу;

2. Компоненттүүлүгү;

3. Маани жактан ширелишип, лексикалык бир бүтүндүккө айланышы;

4. Образдуулугу;

5. Туруктуулугу;

6. Синтаксистик жактан бир гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат.

М. Биз силерди канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай өстүргөн элек.

тарқат. Лист таратып, макал – лакап менен фразеолгизмдерди ажыратып жаздыруу.

Макал- лакаптардан мисал айттыруу.

Лакаптар: "Тейитбекче мал аяп", "Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол", "Көп жойлоп, капканга түшкөн түлкүчө", "Көкөтөйдүн ашындай",

Макал – лакаптар менен окшоштуктары:

1. Даяр материал катары колдонулушу;

2. Образдуулугу;

3. Туруктуулугу;

Айырмачылыгы:

Макал – лакаптардын тутумундагы сөздөрдүн ар бири өз алдынча сүйлөм мүчөсү боло алат.

Элтурмушунун тажрыйбасынан корутундуланган түшүнүктү билдирет.

Дидактикалык мүнөзгө ээ.

Тилде сүйлөм катары колдонулат.

Окуучуларга макал – лакаптар, фразеологиздер жазылган мисалдарды ажыратып жазуу тапшырмасын берүү.

Бышыктоочу тапшырма:

1-топ. Төмөндөгүфразеологизмдерди катыштырып сүйлөм түзөбүз.

Ажыдаардын куйругун басып алуу;

Башына чөп сындыруу;

Бир буту төрдө, бир буту көрдө;

Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок;

Бери карап күлүп, ары карап ыйлоо;

Эки тоонун чөбүн эңсөө;

Көзүнүн агы менен тең айлануу.

1 – топ. Сүрөттөр менен иштөө

3 – топ. Фразеологиздерди сүрөттө чагылдыруу.

Жыйынтыктоо. Окуучуларды баалоо.

Үйгө тапшырма: Көркөм чыгармалардан макал –лакаптар, фразеологизмдер катышкан сүйлөмдөрдү таап келүү.

Сүйлөмдү толуктагыла:

Сөз келгенде сөз айтпаса, ................. .

“Манас” эпосунда Манасты унутуп калган он башы ким?

Тарыхта далай .................. хандар болгон.

Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен кайсынысы кубанууну билдирет?

а) Бүгүн сокмону сокконуна сиркеси суу көтөрбөй калыптыр.

б)Кол арага жарап калды, кудайдын кулагы сүйүнсүн.

в) Кудайга шүгүр эле байыды, ага карабай түк бүткөн сайын калтырайт.

г) Кээде агыл-төгүл эле болгон жакшы да, оозун куу чөп менен аарчыгандан эмне тапты?

Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн кайсынысы туура?

а) Конк кирсе эшиктен, ырыскы кирет тешиктен.

б) Кимге болсо деле мурдуң менен бир тийген адатыңды качан коесуң деги?

в) Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол.

г) Көптөн бери какшып, күйбөц калган чырагына май тамды.

# Усулдук бирикменин февраль айы үчүн түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | **Мөөнөтү** | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 7-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу | 06-17.02 | **ОББ**<br>**УББ** |
| 2 | Өз ара сабакка катышуу | **Февраль ичи** | **Предметтик** мугалимдер |
| 3 | Көрсөтмө куралдар, дептерлердин абалы | **Февраль ичи** | **Предметтик** мугалимдер<br>Класс жетекчилер |
| 4 | | | |

Текшерилди
06. 02. 23ж
ОББ

2022-2023-окуу жылынын февраль айында кыргыз тили, адаб. предметинин усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы: 6.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1-маселе 7-класстарда кыргыз тили, адабияты сабагынан өтүлүшү.

2-маселе. Тажрыйба алмашуу.

3-маселе. Дептерлердин абалы.

Угулду: ОББнын башчысы Асанбаева 7-класста өтүлгөн ачык сааттар, кемчилик ж-а жакшы жакт-к деп айтты. Мугалимдерди бири-биринин сабагына катышып тажрыйба алуу керектигин айтты. Айлыкча дептерлердин абалы жогору, кээ бир класстарда айлыкча дептер текшерүүлөр жетишпегенин айтып өттү.

Токтом кылат:

1. 7-класстарда кыргыз тили адабияты сабагын көрсөтмөлүү өтүү ар бир мугалимге милдет-н
2. Тажрыйба алмашуу жандандырылсын. УБнын жетекчисине милдеттендирилсин
3. Айлыкча дептер ар бир айда колдонулдурулсун.

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г

Катчысы: Кочкорова Н

# Усулдук бирикменин март айы үчүн түзүлгөн иш планы

| № | Аткаруучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 5-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу | 03-17.03 | ОББ<br>УББ |
| 2 | Класстар арасында конкурстарды уюштуруу | Март ичи | Предметтик мугалимдер |
| 3 | Жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү | Март ичи | ОББ<br>УББ |
| 4 | 5-класстардын предметтик дептерлеринин абалы | 29.03 | УББ |

Текшерилди
03 03 23ж
ОББ

2022-2023-окуу жылынын март айы уюр кыргыз тили адаб. предметинин усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушу болуп өттү.

Катышканы: 7.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 5-класстарда кыргыз тилинин, адабияты сабагы өтүлүшү, окутулушу.
2. Класстар арасында конкурстук [illegible] өткөрүү.
3. Жаш мугалимдерге насаатчылык жөнүндө жыйынтык чыгаруу.

Угулду: Ү.Б.-нин башчысы Асанбаева чыгып сүйлөп. 5-класстарда тил жана адабият сабагынын өтүлүшү канааттандырарлык экенин айтты. Жаш мугалимге усулдук жардам жөнүндө Жолонкулова Н. чыгып сүйлөдү. Жаш мугалим сабактарга катышуу зарыл экени айтылды. 5а-класстын окуучуларынын кол жазмасы начар, ошол окуучулардын үстүнөн иштөө сунушу айтылды.

Токтом кылат:

5-класстарда тил, адабият сабагынын өтүлүшү жалпы канааттандырарлык деп табылсын. Жаш мугалимдер курска баруу [illegible] ЮБга милдеттендирилсин.
5а-класстын кол жазмасы үстүнөн иштөө Асанбаева Гуландага милдеттендирилген.

Чогулуш жетекчиси: Асанбаева Г.

Катчысы: Жанжанова А.

# Усулдук бирикменин апрель айы үчүн түзүлгөн иш планы

| № | Аткаруучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 8-9-10-11-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутулушу. | 17-29.04 | ОББ Предметтик мугалимдер |
| 2 | Жазуу жумуштарын көзөмөлдөө | 10-17.04 | УББ |
| 3 | Экзамендик материалдардын үстүндө иштөө | Апрель ичи | Предметтик мугалимдер |
| 4 | Дептерлердин абалын кароо | Апрель ичи | УББ |

Текшерилди
04. 04. 23ж
ОББ

# Усулдук бирикменин май айына түзүлгөн иш планы

| № | Аткаруучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Өз билимин өркүндөтүү, жогорулатуу. | | Предметтик мугалимдер |
| 2 | Окуучулардын жыл ичинде алган билимдерин анализдөө | | Предметтик мугалимдер ОББ |
| 3 | Журналдардын толтурулушу | | ОББ |
| 4 | Жыл жыйынтыгын чыгаруу | | ОББ УББ Предметтик мугалимдер |